# Улуттук банк ноталары
## *(2012-жылдын сентябрь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Сентябрь айында болуп өткөн Улуттук банктын ноталарынын төрт аукционунда жалпысынан 1,8 млрд. сом суммасында баалуу кагаздар жайгаштырылган, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 20,0 пайызга жогору. Ошол эле учурда суроо-талаптын чогуу алгандагы көлөмү август айындагы 504,5 млн. сомго каршы, сентябрда 557,9 млн. сомго жеткен суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмүнүн эсебинен өскөн. Август айындагыдай эле сатуунун бүтүндөй көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк нота менен берилген, алардын көпчүлүк бөлүгү сатуу түзүмүндө 2,7 пайызды түзүү менен коммерциялык банктар аркылуу сатылып алынган. Натыйжада сатуунун орточо аукциондук[1] көлөмү сентябрда 443,9 млн. сомду түзүп, өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда 18,8 пайызга жогорулаган. Отчеттук мезгил ичинде көпчүлүгү эмитент тарабынан жүргүзүлгөн аукциондордон ноталарга болгон суроо-талап, июлдун акыркы декадасынан тартып, Улуттук банк аркылуу жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык аукциондо 425,4 млн. сомго чейин төмөндөгөн сунуштардын көлөмүнөн арткан.

Сентябрь айындагы жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү аркылуу гана берилген Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 4,2 пайызды түзүп, 0,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




[1]Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат. Анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз көлөм болуп эсептелет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 1,8 млрд. сом деңгээлинде түптөлүп, 18,8 пайызга жогорулаган. Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучу коммерциялык банктардын үлүшү, айдын жыйынтыгы боюнча резидент болгон юридикалык жактардын портфелинин салыштырма салмагы 39,4 пайыздан 12,3 пайызга чейин жана институционалдык инвестордун үлүшү 3,5 пайызга төмөндөгөн жагдайда 31,8 пайыздык пунктка көбөйүп, 84,0 пайызга жогорулаган. Резидент болгон юридикалык жактардын салыштырма салмагы мурдагыдай эле 0,1 пайызга сакталып калган.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.10.2011 | 1 368,4 | 1 055,2 | 77,1% | 49,1 | 3,6% | 0,1 | 0,0% | 264,0 | 19,3% |
| 01.11.2011 | 1 738,2 | 1 345,4 | 77,4% | 42,7 | 2,5% | 0,1 | 0,0% | 350,0 | 20,1% |
| 01.12.2011 | 1 732,4 | 1 215,8 | 70,2% | 49,6 | 2,9% | - | 0,0% | 467,0 | 27,0% |
| 01.01.2012 | 1 366,4 | 1 065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2 209,5 | 1 666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2 313,0 | 1 527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2 113,8 | 1 507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2 072,4 | 1 424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |
| 01.09.2012 | 1 494,4 | 780,3 | 52,2% | 588,9 | 39,4% | 2,0 | 0,1% | 123,2 | 8,2% |
| 01.10.2012 | 1 775,4 | 1 492,2 | 84,0% | 218,4 | 12,3% | 2,0 | 0,1% | 62,8 | 3,5% |